// Профессионально-ориентированное обучение языкам: опыт, реальность и перспективы: сборник материалов Ежегодной всероссийской научно-практической конференции, Санкт-Петербург, 18–19 февраля 2025 года. – Санкт-Петербург: Санкт-Петербургский государственный экономический университет, 2025. – С. 131-136. – EDN MQRXVX.

9. Любимова, Н. А. Взаимосвязь цифровых компетенций преподавателя и мотивации студентов высших учебных заведений неязыковых специальностей при изучении английского языка / Н. А. Любимова, Ч. Э. Кульматова // Проблемы и перспективы преподавания иностранных языков в аспекте современной лингводидактики: Материалы всероссийской научно-практической конференции с международным участием, Орел, 18 декабря 2024 года. – Орёл: Орловский государственный аграрный университет им. Н.В. Парахина, 2025. – С. 140-149. – EDN PPRDQJ.

**УДК 37.01** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).406**

## КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН КЫРГЫЗ ЭЛ ЫРЛАРЫ АРКЫЛУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ

Какиева Гулзада Алимбековна- Ага окутуучу, Ош МПУ
ORCID: 0009-0007-2425-395X, E-mail: gulzadakakieva3@gmail.com
Калдарбек кызы Айчүрөк - Магистрант Пм(з)-2-23
Кулназарова Арина Кулназаровна - Магистрант Пм(з)-1-23

**Аннотация**

Жаратылыш, жер планетасы адамзаттын жалгыз үйү - деп эсептейбиз. Кыргызстан жергебиз кандай кооз, суктанарлык, суулары мол, кен байлыктары көп экендигин коңшулаш элдер да жакшы билишет жана суктанышат. Жаңы окуу жылында мектептер 12 жылдык окуу мөөнөтүнө байланыштуу окуу программалар, стандарттар жаңы талапка ылайык өзгөрүлүүдө. Жаш муундарга билим, тарбия берүүнүн мазмуну жаңыланды. Ошондуктан, азыркы учурда айлана-чөйрөнү коргоо, жаратылышты көздүн карегиндей сактоо маселеси глобалдык мааниге ээ болууда. Бул маселени чечүүдө балдардын жаратылышка болгон мамилесин өзгөртүү менен экологиялык маданиятын жогорулатуу негизги орунда турат. Өзгөчө бул багыттагы тарбия иштери бала бакчадан жана кенже мектеп курагынан башталышы абзел. Элибиз илгертеден эле жаратылыш менен өз ара ылайыкташып, жашап келишкен. Бул макалада кыргыз эл ырларынын мааниси кенже мектеп окуучуларына экологиялык тарбия берүүдө табиятка болгон аяр мамиле, экологиялык баалуулуктар берилген. Анткени башталгыч класстын окуучуларына кыргыз эл ырларын колдонуу натыйжалуу жана маанилүү болмокчу. Себеби балдарды руханий баалуулуктарын өнүктүрүү менен жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо мектепке чейинки куракта, кенже мектептерде системалуу түрдө жүргүзүү замандын талабы.

**Ачкыч сөз:** Экология, жаратылыш, коргоо, ырлар, окуучулар, тарбия.

## ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ПЕСЕН И СТИХОВ.

Какиева Гулзада Алимбековна - Старший преподаватель, ОшГПУ
ORCID: 0009-0007-2425-395X, E-mail: gulzadakakieva@gmail.com
Калдарбек кызы Айчүрөк – Магистрантка гр. Пм(з)-2-23
Кулназарова Арина Кулназаровна – Магистрантка гр. Пм(з)-1-23

**Аннотация**

Планета Земля - единственный дом человечества. Соседние народы хорошо знают и восхищаются тем, как прекрасна наша кыргызская земля, как много воды, как много полезных ископаемых. В новом учебном году школы из-за 12-летнего периода обучения

учебные программы, стандарты меняются в соответствии с новыми требованиями. Обновлено содержание образования и воспитания подрастающего поколения. Поэтому в настоящее время вопрос охраны окружающей среды, сохранения природы приобретает глобальное значение. Ключевым моментом в решении этой проблемы является повышение экологической культуры детей путем изменения их отношения к природе. Воспитательная работа в этом направлении должна начинаться с детского сада и младшего школьного возраста. Наши люди издавна адаптировались и жили во взаимодействии с природой. В данной статье представлены значения кыргызских народных песен о бережном отношение к природе, и экологическом воспитании младших школьников. Потому что, для учеников начальных классов использование кыргызских народных песен будет эффективным и важным. Это связано с тем, что воспитание у детей любви к природе с развитием духовных ценностей в дошкольном возрасте, в младших классах, является требованием времени.

**Ключевое слово:** Экология, любовь к природе, защита, стихи, ученики, воспитания.

## ENVIRONMENTAL EDUCATION OF YOUNGER SCHOOLCHILDREN THROUGH KYRGYZ FOLK SONGS AND POEMS.

Kakieva Gulzada Alimbekovna - Senior Lecturer Osh State Pedagogical University
ORCID 0009-0007-2425-395X, E-mail: gulzadakakieva3@gmail.com
Kaldarbek kyzy Aychurek - Master's student Pm(z)-2-23
Kulnazarova Arina Kulnazarovna -Master's student Pm(z)-1-23

**Abstract**

Planet Earth is the only home of mankind. Neighboring nations are well aware of and admire how beautiful our Kyrgyz land is, how much water there is, and how many minerals there are. In the new academic year of the school, due to the 12-year period of study, the curricula and standards change in accordance with the new requirements. The content of education and upbringing of the younger generation has been updated. Therefore, the issue of environmental protection and nature conservation is currently gaining global importance. The key to solving this problem is to increase the ecological culture of children by changing their attitude to nature. Educational work in this area should begin with kindergarten and primary school age. Our people have long adapted and lived in interaction with nature. This article presents the meanings of Kyrgyz folk songs about caring for nature and environmental education of younger schoolchildren. Because, for primary school students, the use of Kyrgyz folk songs will be effective and important. This is due to the fact that fostering children's love of nature with the development of spiritual values in preschool age, in the lower grades, is a requirement of time.

**Keywords:** Ecology, love of nature, protection, poetry, students, education.

Заманбап техниканын жана илимдин өсүп өнүгүүсү менен келечектин ээлерин кыргыз эл ырлары аркылуу экологиялык тарбия берүү актуалдуу проблемалардын бири экендигин айгинелеп турат. Учурда экологиялык глобалдуу маселелер каралып, экологиялык абалды жакшыртуу боюнча ар түрдүү иштер өткөрүлүүдө. Сабактарда, тарбиялык сааттарда, класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүүдө, кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу болуп саналат. Окуучулардагы жаратылышты сүйүү жана аны коргоо сезимин мектепке чейинки билим берүүдөн баштап калыптандыруу өтө маанилүү. Эми экология сөзүнө токтоло кетсек. Экология – грек тилинен которгондо “ойкос” – үй, “логос” – илим дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда үй жөнүндөгү илим. [1]. Дүйнө эли экологияны коргоо жөнүндө көптөгөн иш-чараларды өткөрүүдө. Алардын арасында кыргыз республикасынла экологияны коргоо боюнча мыйзамдар иштелип чыккан. Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары 2024-жылдын 13-июнундагы № 95 санында жазылган. Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануу жаатындагы мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам, башка мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын аларга ылайык кабыл алынуучу башка ченемдик укуктук актылары тарабынан жөнгө салынат. Ошондой эле жок болуп

бараткан канаттуулар, жаныбарлар кызыл китепке киргизилип, мамлекет тарабынан коргоого алынган. [2]

Кыргыз эл ырлары - ата бабалардан мураска калган улуттук тарбиянын негизги булагы болуп, турмуштук тажрыйбага, руханий дөөлөттөргө бай оозеки чыгармалар жаратылышка болгон аяр мамиле, жоопкерчилик менен берилген. Жаратылышка болгон терең урмат, сый, камкордук байкалат. Атап айтсак улуу акындарыбыз Т. Сатылганов, Т.Молдо, К.Акиев, Жеңижок, А.Осмонов, А.Токомбаев. ж. б. акындарыбыз балдар үчүн табиятка болгон сүйүүсүн ыр түрүндө даңазалап жазып келген. Алсак “Асан кайгынын сөзү” - чыгармасында, Жеңижоктун “Аккан суу” чыгармаларында берилген.

Ырлар аркылуу кенже мектеп окуучуларын жан дүйнөсүн, жаратылышка болгон сүйүү сезимин ойготуу, аны көздүн карегиндей сактоого тарбиялоо менен экологиялык жана экономикалык аң-сезимин өнүктүрүү. Балдарга кыргыз эл ырларын үйрөтүү менен табиятка болгон кызыгуусун арттырып, жаратылыштын кооздугуна суктануу менен таанып билип, сулуулугун түшүнүшөт. Балдарга табиятты бүлүндүрбөй, аны сактоого багытталган жүрүм-турумду калыптандыруу жана эстетикалык, патриоттук тарбия, адептүүлүк тарбиясын берүү. Кыргыз элинин фольклору балдар ырларында акындарыбыз табияттын жандуу жана жансыз жаратылышына көптөгөн ырларын жазган. Бул ырларды балдардын жаш курагына ылайыктуу ырларды окуп берип, сүрөттөрүн көрсөтүүдө балдардын акыл эси өнүгүп, дүйнө таанымына жана руханий сезимдерине чоң таасир тийгизип, жаратылышка болгон сүйүүсү артып балдардын тили, сөз байлыгы өсөт. Балдар жаңы сөздөрдү, сөз айкаштарын, суроолорго жооп берүүгө үйрөнүү менен аларды жаңы идеялар менен байкоо жана элестетүү жөндөмү пайда болот.

“Асан кайгынын сөзү” –деген чыгармасында анын курт-кумурскаларга, жан-жаныбарларга боору ооруп, аларга жан тарткан, жаныбарларга аяр мамиле жасаганы, адамзат үчүн үлгү боло турган ырларды калтырып кеткен. Ал адамдарды жакшы болууга үгүттөп, адамдын жана жаратылыштын улуулугун көрсөтөтө алган. Анын ар бир жан – жаныбарларга боору ооруп, кейикчил болгондуктан “кайгы” деген ылакабы кошо айтылып келген. Бир жылы жайдын бир күндөрү мөндүр аралаш кара жамгыр жаап, мал, жан жаныбарлардын башына мүшкүл иш түшүп, кырылып кала турган мезгилде ырдаган экен.

Чымчып алар жүнү жок,
Чыңырарга үнү жок,
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен? /Асан кайгы./ [3,37]

Акындын бул ыр саптарынын идеясында жылан, көгөн, таш бака, балык, каз-өрдөк, бөрү, элиги сыяктуу ар бир жаныбары байкуштар катуу нөшөрлөгөн жамгырда кантти экен деп кайгырган. Жер бетин суу каптап, тоңуп жаныбарлардын жок болуп кетүү коркунучу жаралат. Ошондо Асан кайгынын кайгырып айткан кези. Жыландын буту жок, үнү жок кантип жашап тургандыгы балдарды ойлондурбай койбойт. Ошол эле учурда жаныбардын жашоо шарты тууралуу маалыматты биле алышат. Адамдар менен жаныбарлар табият менен биргеликте жашоого тийиштүү. Эгер бул табияттагы баланс бузулса, тең салмактуулук бузулуп, жаратылыш менен адам баласына кайгы алып келерин күн мурунтан билген. Асан кайгынын бул чыгармалары аркылуу элибиз гуманист жана эколог, элдик философ-педагог катары деп да атап келишкен.

Ошондой эле Жеңижоктун “Аккан суу” чыгармасында суунун адам баласына жана табигаттын баарысына жашоо, өмүр тартуулаганы бизге белгилүү.

Жер, Ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу,
Алты кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу. / Женижок / [4, 21]

Суунун агып кетип жатканы - бул токтобогон убакытты билдирип, өмүрдүн өтүп кетип жатканы, кайра убакыттын кайрылып келбестиги баяндалат. Ар бир мүнөттү туура пайдалануу, турмуштун кыйынчылыгына карабастан жакшылыкка аракет кылуу жана

өмүрдүн баалуу экендигин түшүнүп жашоо айгинелеп турат. Бул жашоодо сууну үнөмдөп пайдалануу жана коргоо өз эли - жерине, табигатка жакшылык калтырууну негиздейт. Ошондой эле суусуз бир да күн жашай албастыгыбызды жана кургакчылык болуп, өсүмдүктөр өспөй, бак дарактар саргайып куурап, жаныбырлар суусуз жок болорун, жашоо - тазалык суу менен болорун алдын айтып өткөн. “Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген”., Суу-ичкен кудугуңа түкүрбө”, “Суу адамдын жаны, өсүмдүк каны”. “Суу-жашоонун булагы”, Суу жердин кан тамыры” – деген макалдарыбыз да бекеринен айтылбаса керек. [5, 353].

Мындан башка да мезгилдер жөнүндө башка акындардын ырларды карап көрөлү.

Жаз жөнүндө

Жаздын күнү болгондо,
Көк шибер чыгып жайкалып,
Жаңы кийим кийинип
Кыз балдар чыгып чайкалып. /А.Токомбаев/ [6.16].

А.Токомбаевдин балдарга арналган жаз, жай, күз, кыш мезгилдери тууралуу ырлары берилип, табигаттын касиеттери, анын өзгөчөлүктөрү менен балдарды тааныштырууга болот. Жыл мезгилдеринин ар бири өзүнүн ажайып кооз түспөлүндө табият кубулуштары жана алардын мааниси түшүндүрүлөт.

“Жаз” - деген ырында канаттуулардын келиши, торгойдун сайрашы, дыйкандардын эмгеги, чагылгандын күркүрөшү менен чөптөрдүн дүркүрөп өсүшү берилип, окуучуларды мезгилдерде кандай өзгөрүүлөр болорун элестетип, эстетикалык тарбия да ала алышат. Ал эми «Жай» мезгилинде жайлоого көчүү жана андагы жайлоо турмушу сүрөттөлөт. “Күздө” ырында жайлоодон келүү, май, куруттун белен болушу, жазда жарышып иштеп, тоо болуп үйүлгөн түшүм жыйналып эмгектин акы бети кайтышын түшүнүшөт. “Кышта” деген ыр саптарында “Аппак карда алтын бар” - демекчи, канчалык кар көп жааса, келерки жылда түшүмдүн көп болушу жазылган. Акындын жаратылышты ыр аркылуу сүрөттөөсү, балдар байкоо жүргүзүүгө, сезүү органдары аркылуу кабыл алууга үйрөнөт. Алар ырда айтылган көрүнүштөрдү элестетип, фантазиясын колдонуп мезгилдердеги гүлдөрдүн ачылышы, куштардын келиши, мезгилдердин алмашуусу, жаандын жаашы, күндүн чыгышын, логикалык ой жүгүртүүсү жана себеп менен натыйжаны түшүнүү жөндөмү өнүгөт. Жаратылышты сүйүү, ага аяр мамиле кылуу тууралуу ырлар баланын табиятка болгон мамилесин өзгөртүп, экологиялык аң-сезими өсүп, баалуулук калыптанат. Ыр аркылуу балдар өз ойлорун айтууга, эстеп калууга, эмоциясын билдирүүгө үйрөнүп, угуу жөндөмү жакшырып, балдардын эстетикалык табити өнүгөт.

Элибиздин дагы кооз жерлери, көлдөрү, анда жашаган канаттуулары, жаныбарлары тууралуу чыгармалары абдан көп. Алсак **“Ысык-Көл”** деген ырында айтылган.

Жер көрдүм. Каркырадай жер көрбөдүм.
Көл көрдүм. Ысык-Көлдөй көл көрбөдүм.
Үстүндө ай сүзгөнсүп ак куу жүрөт.
Жайнатып кыйкуулаган каз-өрдөгүн. /А.Токтомушев./ [7,70]

Бул чыгармада балдар көлдү, жерди, тоолорду, куштары болгон ак куусун, каз-өрдөгү сүрөттөлүп, суук көздөрдөн сактоосун жана жаратылыштын кооздугун баалай билүүсү сүрөттөлөт. Элибизде дагы “Ак кууну көрсөң атпагын”- деген сөзү да бекеринин жаралбаса керек.

Муса Жангазиев агайыбыздын калемине таандык жемиштер деген чыгармалары да табигат менен байланыштуу. Алсак: «Алма», «Өрүк», «Алмурут», «Алча», «Шабдалы», «Жүзүм», «Карагат» деген чыгармаларын жараткан. Алманын гүл ачкан мезгилинде шагын сындырбастан, сабырдуулук менен күтсө, аарылардын гүлдөн бал алуусун, түбүнө кык жана темирди түптөрүнө көмүү менен күз мезгилинде жытынын буркураганын, түшүмүнүн мол берилишин түшүнүшөт. Анын бышып жетилип, жерге түшкөнүн как кылып кургатып, кыш мезгилинде алма ширесин даярдоого болору маалым болот. Өрүктүн күн ысыкта көлөкө болору, 4 мезгилде жегенге кургатылган жемиш, жүрөккө дарылык касити бар жана

витаминге бай экендигин, берекелүүлүгүн билишет. Алчалардын жаратылышка коордук берип турган кооз, тегиз гүлдөгөнүн, мөлтүрөп кызыл-сары болуп бышканын кыздардын кооз шурусуна салыштырганын окуучулар түшүнүшөт. “Жүзүм”- деген ыр саптарында жүзүмдүн шингил болуп алганы, адам баласына көлөкө берери жазылган. “Карагат” кызыл, кара болуп өсөрүн, андан кыям жасаларын күз мезгилинин сентябрь айында бышып, жетилген мезгилде терүү керектигин билишет. Окуучулар бул ыр саптарын окуу менен ойлонууга, кыялданууга, салыштырууга, өз түшүнүктөрүн айтып берүүгө жана жаратылыштан тамак аш алаарыбызды үйрөнүшөт. Бул бак-дарактар жаратылышты кооздоп, абаны тазалап адам затка кычкылтек бөлүп чыгарып беришет. [8. 255].

Экологиялык ырлар балдардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун эффективдүү куралы боло алат. Жаратылыш, экологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору тууралуу билим берүүчү ырлар балдарга айлана-чөйрөнү сактоонун маанилүүлүгүн жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. [9].

Кыргыз эл ырлары —жаратылыштын табигый байлыктарын даңазалап, окуучуларды жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга чакырган. Ошондуктан балдарды жаратылыш тууралуу ырлары аркылуу тарбиялоо — кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын сактоого, экологиялык жана экономикалык аң-сезимдерин калыптандырууга чоң салымын кошо алат. Жаратылыш тууралуу ырларды үйрөнүү аркылуу балдар жаңы сөздөрдү, түшүнүктөрдү өздөштүрүшүп, элестетүүсү өнүгүп, жаратылышка болгон сүйүүсү артып, терең урматтоо сезимдери калыптанат. Балдардын табиятка болгон сүйүүсү жана жоопкерчилиги артат; Экологиялык тарбия берүүдө балдарга табиятка болгон оң сапаттарды калыптандыруу, жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга, коргоого жана баалоого үйрөтүү зарыл. Башталгыч класстын окуучулары бул куракта айлана-чөйрөнүн сулуулугуна суктанууга, аны сезүүгө, табият менен туура мамиледе болууга, байланыш түзө баштайт. Азыркы учурда жаратылышты коргоо катуу көтөрүлүүдө. Жаныбарлардын, суулардын, мөңгүлөрдү азайып бара жаткандыгы бүткүл адамзатты ойлондурбай койбойт. Ошондуктан балдарды жаратылышты коргоо маданиятына тарбиялоо зарылдыгы келип чыкты. Анткени сууну булгап, дарактар кыйылып, жаныбарлар атылып, адамдар тарабынан зыянга учурап жатат. Бул болсо жаратылыштын мыйзамын бузгандык жана келечек муундарга жаратылыш ресурстарын өткөрүп бере албагандык азыркы учурдун мууну үчүн жоопкерчиликтүү. Бул жоопкерчиликти жаш балдардан тартып улуу муундарга чейин сезип, терең маани берүүгө тийиш.

Адабияттар:

1. Заилова, Ж. Ж. Башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу / Ж. Ж. Заилова, Э. Т. Мамарасулова, К. А. Эрмекбек // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. – No. 4. – P. 173-176. – EDN RTUQYJ.
2. https://cbd.minjust.gov.kg/218/edition/11538/kg
3. Залкар акындар. 3-том. Кет бука. Асан кайгы. Токтогул ырчы. Калыгул. Арстанбек. Б:2006-ж.37-б.
4. Женижок. Ырлар. Ф:1982-ж.21-б.
5. Койчуманов Ж. Кадыров Ы. Макал –Лакаптар. Нуска сөздөр. Накыл кептер. Залкар ойлор. Б:.2012-ж. 353-б.
6. Ботоханова Д. Бабалар сөзү – акылдын көзү.Б-2024-ж.16-б.
7. Ысманова Ж., Ибраимова К, Мусаева В., Өжөрбаева С., Жаанбаева Р. Адеп. 2-кл. Б: 2013-ж. 70-б.
8. Кыдыров А., Сулайманов Д. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы.Ф:1987-ж. 255-б.
9. Жалилова, С. Б. Кенже мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандырууда элдик кенч-казыналарынын тийгизген таасири / С. Б. Жалилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 102-106. – DOI 10.56122/..v2i2.217. – EDN ZVYCFT.